**ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ**
**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PEDAGOGICAL SCIENCES**

DOI:10.26104/NNTIK.2023.40.16.012

Ысакова М.А.

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ПСИХОЛОГИЯ САБАГЫНДА «ТЕМПЕРАМЕНТ» ТЕМАСЫН ОКУТУУ

Ысакова М.А.

# ПРЕПОДАВАНИЕ ТЕМЫ «ТЕМПЕРАМЕНТ» НА УРОКЕ ПСИХОЛОГИИ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

M. Isakova

# TEACHING THE TOPIC «TEMPERAMENT» IN A PSYCHOLOGY LESSON IN HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 37.015.31*

*Жогорку окуу жайларда болочок педагогдорго адамдын жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөтүүнүн мааниси чоң. Анткени мугалим такай жекече өзгөчөлүктөргө ээ болгон окуучулар менен окутуу жана тарбиялык иштерди алып барат жана окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнгөн мугалим гана өзүнүн кесиптик ишмердигинде ийгиликтерди жарата алат. Ошондуктан мугалим адамдардын жекече өзгөчөлүктөрүн чагылдырган «Темперамент», «Мүнөз», «Жөндөмдүүлүк» темаларын үйрөнүүсү зарыл болуп саналат. Макалада педагогикалык жогорку окуу жайларда болочок педагогдорго адамдын жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөтүүдө «Темперамент» темасын үйрөтүүнүн мааниси жана орду ачыкталып, темпераменттин касиеттери жана типтери чечмеленип берилет жана аны студенттерге окутуунун ыкмаларына, методдоруна жана технологияларына байланыштуу маселелер каралат. Макалада темпераменттин касиеттерине мүнөздөмө берилип, алардын темпераменттин типтеринин өзгөчөлүктөргө ээ болушунун негизи экендиги жана аны студенттерге үйрөтүүнүн мааниси ачып берилип, темпераменттин физиологиялык негизин И.П. Павловдун теориясы менен түшүндүрүү аркылуу студенттерге теманын маани-мазмунун терең үйрөтүүгө болору жана аларды кесиптик жактан даярдоону ишке ашырылары ачыкталат.*

***Негизги сөздөр**: психология, термин, жекече өзгөчөлүктөр, темперамент, темпераменттин касиеттери, темпераменттин типтери, окутуу усулдары, психологиялык компетенциялар.*

*В данной статье рассматриваются актуальные вопросы обучения студентов по формированию личности человека. Вопросы формирования личности, в частности, индивидуальные особенности человека, психологические свойства личности в психологической науке занимают центральное место. Поэтому интерес со стороны педагогов, психологов и общественности с каждым годом возрастает. Темперамент – как психологическое свойство личности имеет сложный характер и непосредственно связан с другими психологическими качествами человеческой личности. Вопросы психологических свойств в обучении и подготовке к педагогической профессии будущих педагогов имеет важное теоретическое и практическое значение. В связи с этим мы считаем, что изучение психологических особенностей в подготовке педагогических кадров является главным, определяющим вопросом. На наш взгляд, что к изучению данного вопроса надо проявлять более глубокий, психологический и научный подход. Потому что педагог систематически ведет учебно-воспитательную работу со студентами, имеющими индивидуальные особенности, и только преподаватель, изучающий индивидуальные особенности студентов, может добиться успеха в своей профессиональной деятельности. Поэтому учителю необходимо изучить темы «Темперамент», «Характер», «Способности», которые отражают индивидуальные особенности людей. В статье уточняется значение и место преподавания темы «Темперамент» в обучении индивидуально-человеческим качествам будущих педагогов педагогических вузов, трактуются свойства и типы темперамента, рассматриваются вопросы, связанные с приемами и технологиями обучения. В статье дается характеристика свойств темперамента, раскрывается, что они лежат в основе характеристики типов темперамента и значение преподавания их учащимся. Путем объяснения физиологических основ темперамента теорией И.П. Павлова раскрывается, что учащиеся могут быть глубоко преподается смысл темы и проводится их профессиональная подготовка.*

***Ключевые слова:** психология, термин, темперамент, свойства темперамента, типы темперамента, методы обучение, психологические компетенций.*

*It is important at the Universities to teach the future teachers about the individual characteristics of a person. Because the teacher, as she conducts teaching and educational activities, works with the pupils who have individual characteristics and only a teacher who studies the individual characteristics of pupils succeed in their profession. Therefore, the teacher should learn the topics like «Temperament», «Character», «Abilities», which reflect the individual characteristics of a person. The article deals with the meaning and role of the topic «Temperament» in teaching the future teachers about the individual characteristics of a person and reveals the properties and types of temperament and discusses issues related to teaching methods, techniques and technologies. The article characterizes the properties of temperament, reveals that they underlie the characteristics of temperament types and the importance of teaching them to students. By explaining the physiological foundations of temperament by the theory of I.P. Pavlov, it is revealed that students can be deeply taught the meaning of the topic and their professional training is carried out.*

***Key words:*** *psychology, term, individual characteristics, temperament, temperament properties, temperament types, teaching methods, psychological competencies.*

**Киришүү.** Педагогикалык колледждерде жана жогорку окуу жайларда психология предметинде «Темперамент» темасы болочок педагогдорго үйрөтүлөт жана аларды окутуу колледжде жана жогорку окуу жайларда айырмачылыктарга ээ.

Биз макалабызда жогорку окуу жайларда психология сабагында «Темперамент» темасын окутуунун айрым ыкмаларына жана технологияларына токтолобуз.

Жогорку окуу жайларда психология сабагында «Темперамент» темасын үйрөнүү студенттерде төмөнкүдөй психологиялык компетенцияларды калыптандырууга мүмкүндүк берет:

Адамдардагы жекече өзгөчөлүктөрдү таанып-билүү, адамдар менен мамилелешүүдө алардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу, командада иштей алуу, адамды башкаруу психологиясын билүү ж.б.

Психология сабагында алгач индивиддин жекече өзгөчөлүктөрүн түзгөн «Темперамент», «Мүнөз», «Жөндөмдүүлүк» темаларын, алардын өз ара байланыштарын үйрөнүү аркылуу ишке ашары белгиленет.

**Индивиддин жекелиги (индивидуалдуулугу) дегенде** адамдын өзүнө гана мүнөздүү болгон (психикалык жана дене түзүлүшү жагынан) кайталангыс өзгөчөлүктөрү жана инсандык сапаттары боюнча бөлөк адамдардан айрымаланышы түшүнүлөт.

Адамдын индивидуалдуулугун көрсөтүп туруучу сапататтар кайталангыс болуп, ал темпераменттен, мүнөздөн, жөндөмдүүлүктөн, таануу процесстеринин (кабыл алуу, эс, ойлоо, кыялдануу ж.б.), акыл деңгээлинин ж.б. өзгөчөлүктөрүнөн көрүнүп, ар бир эле адамга тиешелүү болот. Ошондой эле адамдын тубаса шыгына, тарбиясына жана турмуш шартына ылайык психологиялык жекече өзгөчөлүктөр (М: бир адамдын шайыр, тамашакөй, кыймылдуу ж.б., экинчиси түнт, токтоо, шашылбаган ж.б. болушу) пайда болот жана калыптанат. Башкача айтканда, жекече өзгөчөлүктөр (индивидуалдуулук) - адамды мүнөздөөчү негизги белгилер болуп, бир адамды экинчи адамдан айырмалай турган, адамдагы кайталангыс өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүчү түшүнүк.

Студенттер индивиддин жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнү «Темперамент» темасын үйрөнүү менен башташат.

**Изилдөөнүн каражаттары жана методдору. Окутуунун методдору жана техологиялары** катары проблемалуу лекция, суроо-жооп, өз алдынча иштөө ж.б. колдонулду. Ошондой эле мини-дискуссия, билимдерди текшерүү ж.б. колдонулду.

Биз билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин талаптарына ылайык студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн үйгө тапшырмалар беребиз. Студенттерге темперамент темасын үйрөнүүгө оңой болгон бөлүктөрдү тема боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсүнө төмөнкү тапшырмалар үөз алдынча иштөөгө берилет.

**Өз алдынча иштөө**. Индивиддин жекече өзгөчөлүктөрү (индивидуалдуулугу) жөнүндө терең түшүнүк берүү максатында окутуучу алдынкы сабактын аягында студенттерге өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды берет:

1. «Үйдөн өзүнөрдү бөлөк адамдардан өзгөчөлөнтүп турган сапаттарды жазып келгиле» деген тапшырма беребиз.

4-5 студент үйдөн жазып келгендерин окуйт. Окутуучу студенттердин өзү жөнүндө жазгандарын үч топко (стобликке) бөлүп жазып турат. Андан кийин окутуучу ар топко жазылган сапаттар кайсы өзгөчөлүктү - «Темпераментти», «Мүнөздү», «Жөндөмдүүлүктү» мүнөздөөчү сапаттар экендигин айтып, алардын айырмачылыктарын ар бир теманы окуп үйрөнүүдө ажыратып берилерин айтат.

2. Темперамент жана анын типтеринин термин катары жаралышынын тарыхы жана аталыштардын маани-мазмунун өз алдынча окуп жана конспектилеп келүү.

Темперамент ар бир адамдын жекече өзгөчөлүгүн көрсөтүп турарын студенттерге түшүндүрүү үчүн, анын жаралыш табиятын жана психологиялык мазмунун ачып көрсөтүү керек. Ошон үчүн студенттер теманы түшүнүүдө темперамент жана анын типтеринин термин катары жаралышынын тарыхы жана аталыштардын маани-мазмунун билүүсү зарыл.

**Окутуучу студенттерге суроолор берет:**

Холерик термини эмне үчүн келип чыккан?

Меланхолик термини эмне үчүн келип чыккан? ж.б.у.с.

Студенттерге өз алдынча иштөө катары берилген тапшырмалар практикалык сабакта текшерилип, талкууланат, жыйынтыктар чыгарылып, тема боюнча билимдери бекемделет. Мындай студенттерге өз алдынча иштөөгө берилген тапшырмалар, адабияттар менен иштөөгө үйрөтүү жана аларда практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу максатын көздөйт.

Окутуучу үй тапшырмалары практикалык сабакта талкууга алынары эскертилип, лекция улантылат.

Окутуучу «Темперамент» темасын үйрөнүү менен адамдын жекече өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү башталарын белгилеп, теманы үйрөтүүнү баштайт.

Темага тиешелүүсабактын мазмунун түшүндүрүүдөн мурда студенттерге теманын планы, текшерүүчү суроолор, адабияттар алдын ала берилет. Адатта студенттерге семастр башында курсту окуу башталган биринчи лекцияда эле силлабус, анда тема, анын планы, текшерүүчү суроолор, адабияттар

берилет. Сабакты баштоодон мурда окутуучу аны студенттерге эскертет.

Сабак планга ылайык өтүлөт.

**Сабактын мазмуну.** Алгач төмөнкү эреже экрандан көрсөтүлөт. Анан эреженин мааниси чечмеленип түшүндүрүлөт.

Темперамент – адамдын психикалык ишмердүүлүгүнүн динамикалык (темп, тездиги, интенсивдүүлүгү, ритми, активдүүлүгү, эмоционалдуулугу) өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан жүрүм-турумдагы өзгөчөлүк [1, 176-б.].

Темпераментти түшүндүрүүнү, анын башка психикалык процесстерден болгон айырмачылыктарына токтолуу зарыл. Алар:

1. Темпераменттин касиеттери бардык учурда өзгөрбөйт, (адамдын өмүрүнүн акырына чейин) туруктуу болот.
2. Темпераменттин касиеттери бардык иш аракетте бирдей көрүнөт.
3. Темпераменттин касиеттери адамдын иш аракеттеринин бардык түрлөрүндө өзгөрбөй кездешет [3, 215-б.].

Жогоруда айтылгандарды бекемдөө үчүн В.С. Мерлиндин темпераменттин башка психикалык жараяндардан, касиеттерден төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланарын белгилегендигин келтиребиз:

1) бүт психикалык ишмердүүлүктүн динамикасын жөнгө салат;
2) айрым психикалык жараяндардын динамикалык өзгөчөлүгүн көрсөтөт;
3) адамдын темпераменти туактуу жана такай түрдө көрүнөт;
4) темпераменттин типтери өздөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ;
5) темперамент нерв системасынын типтерине жараша аныкталат [6, 264-б.].

Темпераменттин өзгөчөлүгү адамга тубаса түрдө берилет.

Азыркы кезде адамдын темпераментинин өзгөчөлүктөрүн аныктоодо (темперамент үч негизги компонент менен мүнөздөлөт) төмөнкүдөй үч белгиге таянат:

1. Адамдын жалпы психикалык активдүүлүгү - адамдын өз өзгөчөлүктөрүн ачып, өзүн көрсөтүүгө, тышкы дүйнөнү өзгөртүүгө умтулуусунун күчүн мүнөздөйт.
2. Эмоционалдуулук компонент – адамдын аракети, жүрүм-туруму тез таасирленүүчүлүк, импульсивдүүлүк жана эмоционалдык туруктуулук касиеттери менен мүнөздөлүп, адамда эмоциянын тез же жай пайда болуусу, эмоциялардын бири-бири менен алмашуусу ж.б. көрүнөт.
3. Моторика (кыймыл) өзгөчөлүктөрү - (буга кеп сүйлөө өзгөчөлүгү да кирет) – темперамент кыймыл менен мүнөздөлөт (булчуң кыймылдарынын тез же акырын кыймылдашы, кыймылдын күчү, темпи, ритми, амплитудасы ж.б.) [4, 415-б.].

«Темперамент» темасында студенттер адамдын таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө жооп берүүдөгү өзгөчөлүктөрүнүн келип чыгуусунун табиятын жана темпераменттин типтеринин мүнөздөөчү туруктуу касиеттерди үйрөнүшөт.

Студенттерге темперамент типтери жөнүндө терен түшүнүктөрдү берүү үчүн жогоруда аталган темпераментти мүнөздөөчү касиеттер жана темперамент типтери эмне себептен жаралат деген суроого жооп бере кетүүбүз керек.

Темперамент типтеринин мүнөздөөчү өзгөчөлүктөрдүн жаралыш жана өнүгүш табиятын ачып берүүгө Гиппократтан тартып өтө көп окумуштуулар (Кречмер, Шелдон ж.б.) аракеттер жасашкан, биз И.П. Павловдун жогорку нерс системасынын физиологиясы жөнүндөгү окууларына гана токтолобуз.

И.П. Павлов нерв системасынын көптөгөн касиеттеринин ичинен турктуу жана такай түрдө иштөөчү нерв процесстерин: козголуу (возбуждение) жана тормоздолуу (торможение) касиеттерин изилдеген жана алардын үч касиетке ээ экендигин аныктаган.

1. *Козголуу* жана *токтолуунун күчү* – бул нерв клеткаларыны иштөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.
2. *Козголуу* жана *тормоздолуу тең салмактуулугу (уравновешенность)* – бул козголуунун жа тормоздолуунун күчүнүн балансасы болуп саналат б.а. козголуу күчтүү болсо тормоздолуу күчсүз болсо тең салмактуулук бузулат.
3. *Козголуу тормоздолуунун кыймылдуулугу (подвижность)* – мында козголуу тормоздолуу менен алмашышы жана тормоздолуунун козголуу менен алмашуусунун өзгөчөлүгү. Ошентип нерв процесстериинин негизги үч касиетин И.П. Павлов бөлүп алат. Аларды терең изилдеп үйрөнүү аркылуу жогорку нерв ишмердүүлүгүнүн төрт тибин аныктаган.

1. Күчтүү, тең салмактуу, кыймылдуу тип.
2. Күчтүү, тең салмаксыз, кыймылдуу тип.
3. Күчтүү, тең салмактуу, инерттүү тип.
4. Алсыз тип.

И.П. Павлов нерв системасынын үч касиетин таап жогорку нерв иш аракетинин типтерин аныктаган болсо, Б.М. Теплов, В.Д. Небылицын андан ары нерв системасынын касиеттерин изилдөөнү улантып, жаңы касиеттерди аныкташкан.

И.П. Павлов нерв системасынын типтерин аныктагандан кийин, аны Гиппократтын темпераменттин типтери менен салыштырган. Ошондо нерв системасынын типтери менен темпераменттин типтери бири-бирине дал келген.

5. Күчтүү, тең салмактуу, кыймылдуу тип –

сангвиникалык темперамент болот.

6. Күчтүү, тең салмаксыз, өтө кыймылдуу тип – холерикалык темперамент болот.

7. Күчтүү, тең салмактуу, инерттүү тип – флегматик темпераментинде болот.

8. Алсыз тип – меланхолик темпераментинде болот.

Ошентип, Гиппократ бөлүп алган темпераменттин типтеринин физиологиялык негизи болуп **жогорку нерв системасынын типтери** саналат. Белгилей кетчү нерсе нерв системасынын типтери физиологиялык процесстер, темперамент–психикалык процесс.

И.П. Павлов темпераментин жогорку нерв системасынын касиети катары көрсөтүү менен темпераменттин 4 тибинин ар бирине мүнөздүү болгон негизги касиеттерин белгилеген. Ал сангвиникти-живой-жандуу, шамдагай. Холерикти – безудержный, боевой, задорный – кужурмөн, эр жүрөк, өзүн (кармай) токтото албаган. Флегматикти – токтоо, туруктуу, тырышып иштеген эмгекчил адам. Меланхоликти – өзүн олдоксон сезген жакшы турмушта гана нормалдуу жашаган адам деп мүнөздөгөн [1, 5, 327-328-бб.].

Эми темпераментти мүнөздөөчү туруктуу касиеттерге токтололу.

Темпераменттин типтери төмөнкү туруктуу касиеттер аркылуу мүнөздөлөт.

1. Сензитивдүүлүк – (жогорку сезгичтик) сырттан таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө жооп берүүдө эң кичинекей күчтөгү дүүлүктүргүчтү сезе алуу мүмкүнчүлүгү.

2. Реактивдүүлүк – сырттан таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө заматта ойлонбой жооп берүү мүмкүнчүлүгү.

3. Активдүүлүк – өз чөйрөсүнө, максатына жараша туруктуулук менен мамиле жасоосу.

4. Реактивдүүлүк менен активдүүлүктүн катышы - адамдын ишмердүүлүгү эмнеге жараша болот. Адам өз эмоциясына алдырып, ойлонбой аракет жасайбы же адам чөйрө таасирине максаттуу, туруктуу түрдө токтоолук умтулуу менен мамиле жасайбы.

5. Реакциянын темпи дегенибиз психикалык процесстердин жүрүшүнүн ылдамдыгы, ритми, реакциясы. М.: кыймылдын тездиги, кептин темпи. ж.б.

6. Ийкемдүүлүк (пластичность) ригидностун тескериси болуп адамдын дүүлүктүргүчтөргө, тышкы чөйрөгө тез ыңгайлашуусун түшүндүрөт. М.: Адамдар менен тез мамиле түзүп кете алуу, дүүлүктүргүчтү тез кабыл алуу.

7. Ригидность сырткы дүүлүктүргүчтөргө тез жооп бере албоо, камырабоо ж.б.

8. Экстраверть – экстраверт-адамдын реакциясынын, иш аракеттеринин пайда болушу сырткы дүүлүктүргүчтөргө көз каранды болот. М.: экстраверттерге шайыр, тез каткыруу, тез мамиле түзүү мүнөздүү.

9. Интраверт адамдарда пайда болуучу кыймыл-аракет ички ойлорго, сезимдерге жараша болот. М.: ички сырларды бекем сактоо, адамдар менен тез мамилелеше албоо интроверттин белгилери.

10. Эмоциянын козголуусу – күчсүз дүүлүктүргүчтөргө адамдын эмоция менен жооп бере алуусу жана эмоциясынын пайда болуу тездиги [5, 573-575-бб.].

Ушул жогорудагы терминдер аркылуу темпераменттин типтери мүнөздөлөт.

Темпераментти окутууда анын типтеринин маани-манызын түшүндүрүүнүн мааниси чон.

Студенттерге темпераменттин типтерин үйрөтүүдө темпераменттин типтерин бирин жакшы же жаман деп бөлүштүрүү туура эмес экендигин, ар бир типтин жакшы жана жаман жагы бар экендигин баса белгилей кетебиз.

Азыркы кездеги адабияттарда, окуу китептеринде жалпысынан темпераменттин типтери төмөнкүдөй мүнөздөлөт:

**Сангвиник** – кыймылы, эмоциясы жана сезимдери тез жана күчтүү пайда болуп, кыймылында, мимикасында, сөздөрүндө эмоциясы көбүрөөк байкала турган, эмоция жана сезимдери бири-бири менен тез алмаша турган адамдар. Сангвиник – мимикага бай, каткыра күлгөн, шайыр, адамдар менен өтө оңой жана адамдар менен өтө тез тил табышып, жакшы мамилелеше алган, турмуштун жаңы шартына тез көнгөн, тез ылайыкташкан, сөздү айтып бүтө электе маанисине терең түшүнүп, жооп даярдаган, капа болсо да тез эле жазылып кетчү адам. Ошондой эле ал ичине сыр сактабаган, маалыматты өтө тез кабыл алган, өтө тез жооп берген, сөздү коолдоп сүйлөгөн адам. Башка адамдар менен ар кандай шартта, кырдаалда тез мамилелешип кете алат. Бул типтин өкүлдөрү боорукер, шамдагай, шайыр болушат.

А.В. Суворов, А.И. Герцен сангвиник болушкан.

Жакшы жагы: ар кандай адамдар менен тил табышып, мамилелешип кете алат.

Жаман жагы: ишке жөндөмдүү болсо да ар шылтоону айтып, баштаган ишинин аягына чыкпагандыгы.

**Холерик** – өтө энергиялуу, ишке чоң күч менен берилген, өтө кызуу кандуу, ызакор, эмоция жана сезимдери сүйлөгөн сөзүндө, мимикасында, иш-аракетинде күчтүү жана ачык көрүнүүчү адам.

Холерик өтө шашып сүйлөгөн, өтө шашып чечимге келген, шашма, тез жинденүүчү, ачуусу тез келген адам. эмоция жана сезимдери сүйлөгөн сөзүндө, мимикасында, иш-аракетинде күчтүү жана ачык көрүнүп турган адам, Анын ачуусу тез келип, булкунуп-жулунуп турат, кекчил, тегерегиндегилерге орой мамиле жасайт. Адамдар менен тез-тез урушуп

турат.

А.С. Пушкин, М.В. Ломоносов, Петр 1, И.П. Павлов ж.б. холерик болушкан.

Жакшы жагы: өтө энергиялуу болгондуктан: иштемчил, баштаган ишин аягына чыгарат.

Жаман жагы: тез ачууланып адамдар менен тез урушуп кетүүсү анын начар жагы [1, 337-б.].

Жогорудагыдай эле тартипте флегматик жана меланхолик типтери психологиялык жактан студенттерге түшүндүрүлөт.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Адамдар өтө көптөгөн касиеттерге, сапаттарга ээ болгондуктан алардын баарысын темпераменттин төрт тибине топтоштурууга мүмкүн эмес. Ошондой эле ар бир адам ушул айтылган темпераменттин бирине ээ болот деп айтуу да жаңылыштыкка алып келет. Анткени көбүнчө адамдар бир эле учурда эки же үч темпераментин тибине тиешелүү касиеттердин ээси болушат, б.а., адамдарда темпераменттин төрт тибинин белгилери аралаш түрүндө кездешет. Бирок кайсы бир темпераменттин тибинин касиеттери басымдуу келип адамдын жүрүш-турушунун өзгөчөлүгүн аныктап турат.

**Үй тапшырма. Өз алдынча иштөө.** Кийинки сабакта бүгүнкү өтүлгөн теманы бекемдөө жана жаңыдан үйрөнүлүүчү «Мүнөз» темасына байланыштуу үйгө тапшырма:

1. Студенттердин бири-биринин же өзүнүн жакындарынын темпераментин аныктап келүүсү.
2. Студенттерге темпераменттин типтеринин мүнөздөмөсү жазылган барактар колдоруна таркатылат жана үйдөн даярданып, алган билимди бекмдөө тапшырмасы берилет.
3. Адамдарга мамиле жасоодо темпераменттин типтерин билүүнүн пайдасы барбы?
4. Темпераменттин типтерин үйрөнүү жана анын мааниси эмнеде?
5. Мүнөз жөнүндө окуп келүү.
6. Мүнөз сапаттарын (карама-каршы маанидеги сапаттарды) жазып келүү.

**Адабияттар:**


1. Миңбаев Козубек., Закиров Акимжан. Психология окуу китеби. – Ош, 2010. – 337 б.
2. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. Түзг.: Мурзаев М.С. Б., 2016. - 176 б.
3. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. – Б.: «Улуу тоолор», 2022. - 264 б.
4. Общая психология: Учеб. для студентов пед. инс-тов. / Под ред. А.В. Петровского. 2-е изд., доп. и перераб. - М., 1976. - 479 с.
5. Психология. учебное пособие для студентов вузов. / Под редакцией Е.И. Рогова. – Москва: Владос, 2005. - 591.
6. https://vc.ru/books/79195-20-kultovyh-knig-po-psihologii.
7. Ысакова М.А. Современные технологии в образовании и их проблемы. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №.8. С. 44-46.